**Бишкек шаарындагы №87жалпы орто билим берүү мектебинин**
**2019-2020-окуу жылында окуу-тарбия иштеринде проблеманы аныктоого багытталган анализи.**


| Анализдин обьектиси | Окуу-тарбиялоодо коюлган милдеттерди ишке ашыруудагы жетишкендиктер | Чечилбеген маселелер. Ишке ашыруудагы тоскоолдуктар себептери | Башкаруу-чулук чечимдер | Комиссиянын чечими |
|---|---|---|---|---|
| Окуучулардын контингенти жана кыймылы | 2019-2020-окуу жылынын башында окуучулардын саны-2218 окуучуну түздү. Анын ичинен 1-4-класстар-1075, 5-9-класстар-1034, 10-11-класстар 109 окуучуну түздү. Балдар 1106, кыздар 1112<br>Жалпы 63 класс-комплект түзүлдү.<br>1-4-класста- 29 класс-комплект, 5-9-класста 30 класс-комплект, 10-11-класста 4 класс-комплект. Ал эми жыл аягында 1-4-класстарда 1075, 5-9-класстарда 1014, 10-11-класстарда 104 окуучу, Жалпы 2190 окуучу аяктады. 2019-2020-окуу жылында келген окуучулардын саны 61 окуучу алардын ичинен райондон 6, шаар мектептеринен 5, республикадан 45 окуучуну келген. Кеткен окуучулардын саны 89, алардын ичинен 13 окуучу район ичиндеги мектептерге, 10 окуучу шаар ичине, 57 окуучу республикалык мектептерге, 1 окуучу орто окуу жайына тапшырып, 3 окуучу үй шартына байланыштуу ишке орношкон | Микро участоктогу ички миграциялык кыймыл | Муниципиалдык аймактык башкаруунун малаа башчылары менен бирдикте иш алып баруу | |

| | 2016-2017-окуу жылы | | 2017-2018-окуу жылы | | 2018-2019-окуу жылы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Класс | Класстардын жалпы саны | Окуучулардын жалпы саны | Класстардын жалпы саны | Окуучулардын жалпы саны | Класстардын жалпы саны | Окуучулардын жалпы саны |
| 1 | 7 | 258 | 8 | 298 | 7 | 269 |
| 2 | 7 | 256 | 7 | 259 | 8 | 291 |
| 3 | 7 | 255 | 7 | 257 | 7 | 265 |
| 4 | 6 | 223 | 7 | 261 | 7 | 247 |
| **1-4** | **27** | **992** | **28** | **1075** | **29** | **1072** |
| 5 | 6 | 200 | 6 | 216 | 7 | 253 |
| 6 | 5 | 172 | 6 | 193 | 6 | 218 |
| 7 | 6 | 205 | 5 | 169 | 6 | 183 |
| 8 | 5 | 168 | 6 | 206 | 5 | 164 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 9 | 5 | 144 | 5 | 153 | 6 | 196 |
| **5-9** | **27** | **889** | **28** | **937** | **30** | **1014** |
| 10 | 2 | 54 | 2 | 50 | 2 | 57 |
| 11 | 2 | 47 | 2 | 49 | 2 | 47 |
| **10-11** | **4** | **101** | **4** | **99** | **4** | **104** |
| **1-11** | **58** | **1982** | **61** | **2111** | **63** | **2190** |

Микро участокто ички миграциялык кыймыл мурдагы жылдарга салыштырмалуу азыраак. Ошондой болсо да муниципиалдык аймактык башкаруунун малаа башчылары менен бирдикте иш алып барабыз.

| | **2017-2018-окуу жылы** | **2018-2019-окуу жылы** | **2019-2020-окуу жылы** |
|---|---|---|---|
| Жыл башында | 2000 | 2135 | 2218 |
| I | 1999 | 2126 | 2203 |
| II | 1991 | 2124 | 2195 |
| III | 1983 | 2110 | 2189 |
| IV | 1982 | 2111 | 2190 |




Окутуунун жыйынтыг, окуучулар дын билим сапаты

## Окуучулардын билим сапаты боюнча:

| | 2017-2018-окуу жылы | | 2018-2019-окуу жылы | | 2019-2020-окуу жылы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | б/с | жет | б/с | жет | б/с | жет |
| I | 31% | 98% | 29% | 98% | 29% | 99% |
| II | 32% | 99% | 32% | 99% | 32% | 99% |
| III | 36% | 99% | 35% | 99% | 36% | 99% |
| IV | 37% | 99% | 37% | 99% | 37% | 100 % |
| жылдык | 36% | 99% | 37% | 99% | 37% | 100 % |

Билим сапаты 2019-2020-окуу жылында I чейректе 29 %, II чейректе 32 %, III чейректе 36 % түздү. IV чейректе 37 % Жылдык 37% түздү. Ал эми акыркы 3 жылдын билим сапатын салыштырсак 36-%-37%, ал эми жетишүү 100% түздү. Билим сапаттын стабилдүү өсүшүн камсыз кылуу үчүн класс жетекчилер класстардын билим сапатынын болжолдуу мониторингин түзүшөт. 1 же 2 сабагынан жетише албаган окуучулар менен предметтик мугалимдердин тыгыз байланышта иштөөсүнө шарт түзүлөт




Мектеп жаны конушта жайгашкандыгы жана ички миграцияга байланыштуу окуучулар жыл ичинде көп келип кетишет. Бул билим сапаттын көрсөткүчүнө таасир берет М; 2019-2020-окуу жылынын 1-чейрегинде 36 окуучу кетсе, анын 14 ок «4» жана «5» деген баага окуган. Ал эми 21 окуучу келген, анын ичинде «4» «5» ке окуган 5 эле окуучу болду

Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үчүн сапаттуу сабактар ды уюштуруу менен бирге предметтик мугалимдер менен иш алып баруунун натыйжалуулугун жогорулатуу

| | 2-4-класстар | | 5-9-класстар | | 10-11-класстар | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | билим сапат | жетишүү | билим сапат | жетишүү | билим сапат | жетишүү |
| 2017-2018 | 41% | 99% | 33% | 100% | 32% | 100% |
| 2018-2019 | 42% | 99% | 32% | 100% | 45% | 100% |
| 2019-2020 | 40% | 100% | 33% | 100% | 40% | 100% |

**«4» жана «5» ке окугандардын саны жана сапаты**

| | | 2017-2018-окуу жылы | | 2018-2019-окуу жылы | | 2019-2020-окуу жылы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | аттест | саны | % | саны | % | саны | % |
| 2-4-кл | 803 | 206 | 28% | 248 | 31% | 217 | 27% |
| 5-9-кл | 1014 | 227 | 25% | 235 | 25% | 252 | 25% |
| 10-11-кл | 104 | 27 | 26% | 39 | 39% | 33 | 32% |
| жалпы | 1921 | 460 | 26% | 522 | 28% | 502 | 26% |

**«5» ке окугандардын саны жана сапаты**

| | | 2017-2018-окуу жылы | | 2018-2019-окуу жылы | | 2019-2020-окуу жылы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | аттест | саны | % | саны | % | саны | % |
| 2-4-кл | 803 | 99 | 14% | 74 | 9% | 106 | 13% |
| 5-9-кл | 1014 | 67 | 8% | 69 | 7% | 90 | 9% |
| 10-11-кл | 104 | 6 | 6% | 7 | 7% | 9 | 8% |
| жалпы | 1921 | 172 | 10% | 150 | 8% | 205 | 10% |


Ар түрдүү деңгээлдеги предметтик олимпиадаларга катышуу

**Педагогикалык кадрлар (сандык жана сапаттык курамы)**

Мектепте 90 мугалим эмгектенди. Анын ичинен


**Квалификациясы боюнча:**

| | |
|---|---|
| **Жогорку** | 15 |
| **Биринчи** | 12 |
| **Экинчи** | 12 |
| **Категориясы жок** | 51 |





Билими боюнча

| | |
|---|---|
| **Жогорку** | 74 |
| **Атайын орто** | 15 |
| **орто** | 1 |




Педагогикалык стажы боюнча

| | |
|---|---|
| **5 жылга чейин** | 38 |
| **5 - 10 жыл** | 15 |
| **10 - 15 жыл** | 16 |
| **15-25 жыл** | 12 |
| **25 жыл жог** | 9 |



Мугалимдердин профессионалдык деңгээлин аныктоо

Чыгармачыл мугалимдердин ишин жайылтуу
Насаатчы мугалимдердин жаш мугалимдерге жардам берүүсүн күчөтүү

Окуу процессин маалымат жактан камсыздоонун эффективдүү системасын түзүү

Сабактардын иштелмелерин электрондук варинтта чогултуу
Окуу кабинеттерин интернет менен камсыздоо мугалимдердин ишмердүүлүгүндө колдонмо программаларды пайдалануу

## Башкаруу жана көзөмөлдөө боюнча мектеп администрациясынын ишмердүүлүгүнүн анализи

| | | | |
|---|---|---|---|
| Мектепти башкаруунун структурасы бир нече денгээлден турат. **1-денгээл** – директор, педагогикалык кенеш, усулдук кенеш. Бул жерде мектепти өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары аныкталат, өнүгүү программасы, окуу планы бекитилет. **2-денгээл** – директордун орун басарлары, усулдук бирикме жетекчилери, китепкана башчысы. **3-денгээл** мугалимдер, класс жетекчилер **4-денгээлге** мектеп парламентинин курамы кирет<br>Мектептин бардык ишмердүүлүгү Бишкек шаардык билим берүү башкармалыгы жана Свердлов райондук билим берүү борбору менен биргеликте пландаштырылат жана ишке ашырылды<br>Мектепте иш жүргүзүү Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү мыйзамы", "Типтүү жобо" «Мектептин уставы» жана КР билим берүү министрлиги тарабынан сунушталган методикалык –тематикалык пландарына ылайык мектептин ички буйругун чыгаруу менен аткарылды.<br>Окуу планы КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-ж 23-майындагы №616/1 буйругу менен базистик окуу планын негизинде түзүлүп, предметтердин окутулуусу жана класстан класска көтөрүлүүдөгү улантамлуулук иши сакталды. Окуу планында каралган жумалык окуу жүктөмү окуучунун нормасына ылайыкташтырылган.<br>Календардык–тематикалык планга ылайык бардык парлелль кластарда окуу программасынын практикалык жана теориялык бөлүгү аткарылды<br>Окуучулардын окуу жүктөмүнүн денгээли белгиленген нормага туура келет.<br>Мектептин 5 күндүк окуу режиминде окуду. Окуу жылынын узактыгы майрам жана каникул күндөрүн эсептебегенде 1- класстарда 33 окуу жумасын, 2-4-класстарда 34 окуу жумасын, 5-11-класстарда экзамендик учурду эске алуу менен 34–36 га чейин окуу жумасын түздү. 1-класстарда сабактан узактыгы 40 минута, 2-11-класстарда 45 минута<br>Окуучуларды кабыл алуу, которуу КР "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын негизинде, мектептин Уставыны жана тиешелүү локалдык актылар менен жөнгө салынды. Окуучулардын өздүк делолору талапка жооп берет.<br>Окуучулардын келип кетүүсү көпчүлүк учурда ички миграцияга байланыштуу болот. Кеткен окуучулар ата энесинин арызынын негизинде буйрук китепке катталат жана башка мектепте окуп жаткандыгы жөнүндө маалымдамалар бар.<br>Календардык-тематикалык пландар окуу программасынын мазмунуна ылайык иштелип чыккан жана директор тарабынан бекитилген | Заманбап билим берүүдө төмөнкү багыттарда максаттуу иш алып баруу керек.<br>1.Предметтерди окутуунун денгээлин жогорулатуу<br>2.Окуучулардын билим сапатын стабилдүү өсүшүн камсыздоо<br>3.Предметтик олимпиадага даярдоонун сапатына көңүл буруу<br>4.Илимий изилдөө иштерине катышуу<br>5.Мугалимдердин педагогикалык чеберчилиги боюнча конкурстарга катышуусу<br>6. Алдынкы тажрыйбалуу мугалимдерин иш тажрыйбаларын жайылтуу | Окуу тарбия процессинин бардык багыттарында квалификациялык башкарууну камсыздоо үчүн мектеп администрация мүчөлөрүнүн методикалык даярдыгы, компетенттүүлүгү жетиштүү денгээлде. Бардык белгиленген иш чаралар аткарылды.<br>Окуу жылына карата пед жамааттын ишмердүүлүгүнө коюлган милдеттер менен көзөмөл-нүн ыкмасы, формасы дал келет<br>Мектеп администрациясынын башкаруу ишмердүүлүгү мектептин жетишкендиктерин, жетишпеген жактарын талдап, оң жолго сала алат, мектептин ишмердүүлүгүнүн приоритеттүү милдеттерин, максаттарын аныктоо менен кийинки иштерди пландаштырат. | |

Билим берүү тармагында буга чейин окутуунун мазмунун аныктаганда билимге басым жасалса, азыр билимдин натыйжасына, окутуу процессиндеги алган билимди бала канчалык деңгээлде турмушта колдоно алуусуна т.а. окуучу мектепте алган билимин иш жүзүндө пайдалана билүүсүнө багытталат. Жаңы талаптарды ишке ашырууда билим берүү мекемелеринде методикалык иштер да жаңылануу шарт. Азыркы учурда кесиптик деңгээли, новатордук иш-жөндөмдүүлүгү жогору, окуучу менен иштей алган, өз билимин жогорулатуунун үстүндө иштеген мугалимдер талап кылынууда.

**2019-2020-окуу жылында методикалык иштин максаты болуп төмөнкүлөр эсептелди.**

- Педагогикалык коллективдин кесиптик чеберчилигин ар тараптуу жогорулатуу;
- Жаңы стандартка ылайык окуучулардын билим алуусун көзөмөлдөп, анализ чыгаруу;
- Оптималдуу деңгээлде билим берүү жана тарбиялоо процессин жакшыртуу;
- Райондук жана шаардык деңгээлде өткөрүлгөн кароо-сынактарга окуучуларды жана мугалимдерди катыштыруу жана жыйынтык берүү.

2019-2020-окуу жылында педагогикалык коллектив бирдиктүү “Сапаттуу билим берүүдө ар кандай деңгээлдеги окуучуларга диференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу” деген теманын үстүндү иш алып барууну улантууда. Азыркы учурда практикалык этабында тактап айтканда окутуунун активдүү формаларын колдонуу менен ар кандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылууну мугалимдин иш тажрыйбасынан көрүү, мугалимдердин деңгээлдештирип иштөө боюнча тажрыйбаларын жайылтуунун үстүндө иштешүүдө. Теманын негизинде ар бир мугалим тема тандап, ага карата план түзүп, бир жыл бою иш алып барып келишти.

**Жаш мугалимдер мектеби**

Мектепте педагогикалык коллектив жылда жаңы мугалимдер менен толукталып турат. Быйылкы окуу жылында 25 мугалим келди. Анын ичинен көпчүлүгү жаш мугалимдер. Тактап айтканда 15 мугалим окуу жайды бүтүп келип, эмгек жолун ушул мектептен башташты. Мектепте жалпы 22 жаш мугалим эмгектенди.

| Биринчи жыл иштегендер | Экинчи жыл иштегендер | Үчүнчү жыл иште |
|---|---|---|
| 14 | 6 | 2 |

Мугалимдердин педагогикалык ишмердүүлүгүн талдоо жана чыгармачылыгына шарт түзүү.

Мектеп ичинде билим берүүнүн сапатын жогорулатууда чыгармачыл мугалимдердин иш тажрыйбасын газета журналдарга сунуштоо

Педагогикалык кызматкерлердин сапаттуу билим берүүсүнө жана аткарылган иштердин максатуулугуна жетүүдө, чыгармачылыктарын жогорулатып, инновациялык ыкмаларга ээ болуусу үчүн семинар – тренинг, мастер –класстарды уюштуруу

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Окуу жылынын башында жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер бекитилген. Алар жаш мугалимдер менен иштөөнүн жылдык планын түзүшүп, түзүлгөн пландын негизинде бир жыл бою иш алып барышты. Жаш мугалимдердин жазган план конспектилери текшерилип, методист тарабынан бир ай бою (сентябрь айында) жардам берилип турду. Биринчи жарым жылдыкта жаш мугалимдер менен сабактын тиби, формасы, үй тапшырманын көлөмү, сабактын структурасы, окутуунун технологиялары, сабактын анализи, өзүнө-өзү анализ берүү, нормативдик-укуктук документтер менен иш алып баруу боюнча семинарлар өтүлүп турду. Насаатчы мугалимдер канчалык жардам берип, иш алып барып жатышса да, биринчи жарым жылдыкта айрым жаш мугалимдер окуучунун билими объективдүү баалабай, чейректик бааларады туура эмес чыгарышкан. Нормативдик-укуктук документтин бири болгон журнал менен иштөөдө одоно каталарды кетиришкен. Ошондой эле насаатчы мугалимдер жыл аягында түзүлгөн пландын негизинде отчёт жазышып, жыйынтык чыгарышты. Методикалык иштин бирден-бир багыты болуп мугалимдердин квалификациясын эффективдүү жогорулатуу болуп саналат. 2019-2020-окуу жылында мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү боюнча Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министирлигинин алдынагы педагогикалык кызматкерлерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунан 11, 5-6-класстарында чыккан жаңы англис тили окуу китептери менен таанышуу жана мугалимдер арасында тажрыйба алмашуу иретинде "Лингва" окуу борборунан 2 мугалим, жалпы 13 мугалим өз билимин өркүндөтүп, курстан өтүп келишти | | Жаш мугалимдерге усулдук жактан жардам берүү, иштеген ишин талдоо менен чыгармачыл изденип эмгектенген жаш мугалимдердин ишин мектеп ичинде жайылтуу, конкурстарга катыштыруу жана акчалай сыйлыктарды ыйгаруу | |
| **мектептин материалдык – техникалык базасы** | №87 орто мектепте 2019-2020-окуу жылында ***26639*** окуу китеби , көркөм китеп 578. Окуучулар өз убагында окуу китептери менен камсыз болду. Мугалимдерге усулдук колдонмо жана өтүлө турган сабактарга кошумча материалдар берилип турду. Окуучулар окуу китептери менен 92% камсыз болду.<br>Мектепте 2 компьютер классы бар. Андагы компьютерлердин саны 20, бардыгы интернет түйүнүнө кошулган. Окуучуларга заманбап билим берүү максатында окуу кабинеттеринде 1 интерактивдүү панель, 7 интерактивдүү доска, 5 интерактивдүү система коюлган. 20 телевизор анын ичинде 2 плазмалык, 20 DVD, 1пианино, 1 синтезатор, 1 үн күчөткүчү менен музыкалык аппаратура бар. | 1.Мугалимдер үчүн усулдук колдонмолордун жетишсиздиги<br>2. Компьютер классында компьютерлер дин саны жетишсиз.<br>2 окуучуга 1 компьютер туура келет | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| мектепти өнүктүрүүнүн перспективдүү план | **Программанын аталышы:** №87 жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-жылга чейинки өнүгүү программасы<br>Тема: **"Ар кандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу"**<br>**Программанын максаты:** Ар кандай деңгээлдеги окуучулар менен иштөө, сабак учурунда деңгээл боюнча тапшырмаларды берүү менен ар бир окуучуну бардык предметтерге кызыктыруунун жолдорун таба билүү жана алардын жыйынтыгын чыгаруу<br>**Программанын ишке ашыруу мезгилдери жана этаптары**<br>Программа 2016-2021-жылдары төмөнкү этаптар менен ишке ашырылып жатат:<br>**1-этап: Теориялык таанышуу этабы (2016-2017-окуу жылы)-** ар кандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуунун жолдору менен таанышуу. Окуучулардын билим деңгээлин текшерүү.<br>**2-этап: Практикалык этап (2017-2018, 2018-2019-окуу жылы)-** Окутуунун активдүү формаларын колдонуу менен ар кандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылууну мугалимдердин иш тажрыйбасынан көрүү, мугалимдердин деңгээлдештирип иштөө боюнча иш чараларын жайылтуу<br>**3-этап:Изилдөө этабы (2019-2020-окуу жылы)-** деңгээлдештирип окутуу боюнча билим сапатынын мониторингин чыгаруу, окуучулардын чыгармачыл иштерин уюштуруу<br>**4-этап: Жыйынтыктоочу этап: (2020-2021-окуу жылы)** мугалимдердин, усулдук бирикмелердин деңгээлдештирип иштөө боюнча ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгын чыгаруу, компетенттүү окуучулардын окуу процессиндеги активдүүлүгүн көрсөтүү.<br>Мектептин билим берүү системасынын өнүгүшүнүн стратегиялык **максаты**:<br>Ар түрдүү деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен, ар тараптан өнүккөн,чыгармачыл, изденген, Өз Ата Мекенин сүйгөн, аны коргой билген , патриоттук духта тарбияланган, толеранттуу, компетенттүү инсанды тарбиялоо үчүн шарттарды түзүү болуп саналат. | Мектептин 2016-2021- жж түзүлгөн өнүктүрүү планынын негизинде этап боюнча ишке ашып келе жатат | 1. Окуу процессинде окуучуларга сапаттуу билим берүүдө жана аларга дифференцирленген мамиле кылууда мугалимдердин чыгармачылык менен иштөөсүнө шарт түзүү<br>2.Окуучуларга сапаттуу билим берүү менен аларды патриоттуулукка, Ата Мекенин сүйүп, коргой билүүгө жана толеранттуулукка тарбиялоо<br>3.Башталгыч, негизги жана орто билим блокторунун ортосундагы максаттардын эффективдүү механизмин иштеп чыгуу<br>4.Ар бир окуучунун чыгармачылык изденүүсүнө жол ачуу алардынкомпетенттүүлүгүн жогорулатуунун үстүндо иш алып барууга шарт түзүү | |

Окуу тарбия иштери директордун орун басары: Акимбай кызы Нурия.